DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-57-267-273
УДК: 94(575.2)

***Каниметов А. К****., тарых илимд. канд., доцент*
*a.kanimetov62@gmail.com*
*ORCID: 0009-0006-8050-2407*
***Джумадылова К. Т****., изденүүчү*
*dzumadylovakymbat55@gmail.com*
*ORCID: 0009-0001-9857-5237*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ӨЗ АЛДЫНЧА МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮККӨ ЖЕТИШҮҮ АРАКЕТТЕРИ

*XX кылымдын башында совет доорунда кыргыз элинин өз алдынча мамлекеттүүлүккө жетишүү аракеттери Кыргыз Тоолуу облусун түзүү боюнча долбоордон башталып, Кыргыз ССРинин түзүлүшү менен аяктаган. XX кылымдын 20-30-жылдарында совет мезгилиндеги кыргыз элинин өз алдынча мамлекеттүүлүккө жетишүү аракеттери Кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүнүн калыптануусуна (1924-ж. 14-октябрда РСФСРдин курамында Кыргыз Автономиялуу облусу, 1926-ж. Кыргыз АССРи, ал эми 1936-ж. союздук республика – Кыргыз ССРи) жана анын экономикалык жактан өнүгүүсүнө шарт түзгөн. Ушул жылдар аралыгында кыргыз элинин көрүнүктүү атуулдарынын жасаган эмгектеринин натыйжасында гана кыргыз мамлекеттүүлүгү түптөлгөн. Аталган жылдар аралыгында кыргыз элинин тарыхында, улуттук мамлекеттүүлүк идеясынын калыптанышында жана өсүп-өнүгүшүндө кыргыздын көрүнүктүү атуулдарынын жасаган эмгектери, алардын калтырган издери жөнүндө баяндалат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *кыргыз эли, мамлекет, Түркстан, совет бийлиги, Кыргыз АССРи, автономия, Борбордук Комитет, Жети-Суу, ревком, облус, курултай.*

***Каниметов А.,*** *канд. истор. наук, доцент*
*a.kanimetov62@gmail.com*
*ORCID: 0009-0006-8050-2407*
***Джумадылова К. Т.,*** *соискатель*
*dzumadylovakymbat55@gmail.com*
*ORCID: 0009-0001-9857-5237*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## УСИЛИЯ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА ПО ДОСТИЖЕНИЮ НЕЗАВИСИМОЙ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ

*В начале 20 века, в советское время, усилия кыргызского народа по достижению независимой государственности начались с проекта создания Киргизской горной области и завершились созданием Киргизской ССР. В статье описаны усилия кыргызского народа по достижению независимой государственности в советский период в 20-30-х годах XX века, которые привели к формированию Кыргызской национальной государственности (14 октября 1924 года Кыргызская автономная область стала в составе РСФСР, в 1926 году она стала Киргизской АССР, а в 1936 году союзной республикой - Киргизской ССР) и созданы условия для ее экономического развития. В эти годы кыргызская государственность была основана только в результате трудов выдающихся граждан кыргызского народа.*

***Ключевые слова.*** *Киргизский народ, государство, Туркестан, Советская власть,*

*Кыргызская АССР, автономия, Центральный комитет, Семиречье, ревком, область, съезд.*

***Kanimetov A.,*** *cand. of historical sciences, associate professor*
*a.kanimetov62@gmail.com*
*ORCID: 0009-0006-8050-2407*
***Dzhumadylova K. T.,*** *applicant*
*dzumadylovakymbat55@gmail.com*
*ORCID: 0009-0001-9857-5237*
*K.Tynystanov Issyk-Kul State University*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## EFFORTS OF THE KYRGYZ PEOPLE TO ACHIEVE INDEPENDENT STATEHOOD

*In the early 20th century, during the Soviet period, the efforts of the Kyrgyz people to achieve independent statehood began with the project of creating the Kyrgyz mountainous region and ended with the creation of the Kyrgyz SSR. The article describes the efforts of the Kyrgyz people to achieve independent statehood in the Soviet period in the 20-30s of the twentieth century, which led to the formation of the Kyrgyz national statehood (on October 14, 1924 the Kyrgyz Autonomous Oblast became part of the RSFSR, in 1926 it became the Kyrgyz ASSR, and in 1936 it became a union republic - the Kyrgyz SSR) and created conditions for its economic development. During these years, Kyrgyz statehood was founded only as a result of the labors of outstanding citizens of the Kyrgyz people.*

***Keywords.*** *Kyrgyz people, state, Turkestan, Soviet power, Kyrgyz ASSR, autonomy, Central Committee, Seven Waters, revolutionary committee, region, congress.*

Кыргыз элинин тарыхында улуттук мамлекеттүүлүк идеясынын калыптанышында жана өсүп-өнүгүшүндө эл арасынан суурулуп чыккан атуулдар А. Сыдыков, И. Айдарбеков, А. Орозбеков, Э. Арабаев, Ж. Абдрахманов, К. Тыныстанов, Б. Исакеев жана башкалардын эмгеги, алардын калтырган издери айтып бүткүс тарых деп баса белгилесек болот.

XX кылымдын өзөктүү окуясы болгон Улуу Октябрь революциясы Орто Азия элдеринин, анын ичинде кыргыз элинин өнүгүү жолун түп-тамырынан өзгөртүп, социалдык-экономикалык жана коомдук саясий тараптан бир топ жетишкендиктерге алып келди. Октябрь революциясы жеңишке жеткен мезгилинде Кыргызстандын түндүгү Түркстан крайынын Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облусунун, ал эми түштүк аймактар Фергана жана Самарканд облусунун курамында болуп келген. Бийликке келген Совет өкмөтү чет-жакалардагы майда элдер арасында өз таасирин күчөтүү жана алардын колдоосуна ээ болуш максатында саясий-тарыхый мааниге ээ болгон бир канча документтерди кабыл алган. Маселен, 1917-жылы 3-ноябрда Орусиянын курамындагы элдердин тең укуктуулугу, көз карандысыздыгы жана өз алдынча эркин мамлекет түзүү укуктарын жарыялаган «Россия элдериинин укугунун декларациясын» кабыл алган. Бул документте Совет бийлигинин улут маселелери боюнча иш- аракеттеринин негиздери чагылдырылган: 1) Россия элдеринин теңдиги жана суверендүүлүгү; 2) Россия элдеринин өз алдынча эркин бөлүнүшү жана өз алдынча мамлекет түзүү укугу; 3) бардык улуттук жана улуттук-диний артыкчылыктар менен чектөөлөрдү жок кылуу; 4) Россия аймагындагы улуттук азчылыктар жана этнографиялык топтордун эркин өнүгүүсү [1]. Бул декларациянын негизинде, ошол эле жылы 20-ноябрда Эл Коммисарлар Совети «Россия жана Чыгыштын бардык эмгекчи мусулмандарына кайрылуусун» жарыялаган [2].

Түркстан элдери Совет бийлигинин бул иш-чараларын жактыруу менен колдошуп, өз мамлекетүүлүгүн түзүүнүн маанилүү шарттары экендигин кубануу менен кабыл

алышкан. Бирок айтылган ойлор, иш-аракеттер толугу менен ишке ашпай, саясий, социалдык-экономикалык маселелер чечилбей калган. Түркстан АССРнин курамына кирген кыргыздардын абалы мурдагыдай эле кала берген. Кыргыз эли жаңы түзүмдүн курамында баштагыдай эле, Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана жана Самарканд облустарынын курамында калган [3].

Кыргыз элинин өз алдынча улуттук мамлекеттүүлүгүнө болгон чоң умтулуусунун бир үлгүсү катары 1922-жылдагы Түркстан АССРнин курамындагы Тоолуу кыргыз автономиялуу облусун түзүүгө болгон аракеттерди атоого болот. Бул мезгилде саясий майданда эки топтун: сыдыковчулар жана кудайкуловчулардын ортосунда келишпес күрөш жүргөн. Булардын өз ара ачык тирешүүсү 1922-ж. Тоолуу Кыргыз Автономиялуу облусун түзүү мезгилинде күч алган.

Биринчи топко киргендер Р. Кудайкулов жетектеген Д. Бабаханов, И. Тойчинов, И. Кудайбергенов, К. Сарыбаев, К. Бапанов, М. Сарыбатыров, татар элинин өкүлдөрү Бурнашев жана Суханов жана башкалар кыргыз элинин өз алдынча автономиялык мамлекеттик укугун жокко чыгарып, ошол мезгилде өкүм сүрүп турган Кыргыз (Казак) АССРинин курамына киргизүү үчүн активдүү иш-аракеттерди көрө башташкан. Р. Кудайкулов жетектеген топ казак лидерлеринин жана Түркстан АССРиндеги бир катар кызматчылардын колдоосуна ээ болгон. Түркстан АССРинин өкмөтүнүн алдында Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарын Кыргыз (Казак) АССРинин курамына кошуу боюнча атайын революциялык комитет түзүлгөн. Бул кыргыз эли үчүн коркунучтуу көрүнүш болгон. Себеби кыргыздардын казак автономиясына кошулуусу алардын өз алдынчалыкка болгон умтулуусуна бөгөт коймок.

Экинчи топту кыргыз интелигенциясынын өкүлдөрү А. Сыдыков, И. Арабаев, Ж. Абдрахманов, И. Айдарбеков, С. Чонбашев жана башкалар жетектеп келген. Кыргыз элинин улуттук бүтүндүгүн, биримдигин сактап калуу максатында сыдыковчулар тобу 1922-жылы Түркстан АССРинин курамында Тоолуу Кыргыз облусун түзүү аракеттерин көрө баштушкан.

1922-жылы 25-мартта Түркстан компартиясынын Борбордук Комитетинин секретариаты Түркстан АССРинин курамында Тоолуу Кыргыз областын түзүү жөнүндө чечим чыгарган. 26-мартта Түркстан Борбордук аткаруу комитетинин Президиуму курамында Пишпек, Каракол, Нарын уезддери жана Олуя-Ата уездинин тоолуу бөлүгү кирген Тоолуу Кыргыз областын түзөт [4]. Борбору Кочкор кыштагында жайгашкан, Тоолуу Кыргыз областын түзүү жөнүндө чечим кабыл алган. Бул облуска Кыргызстандын түндүгү гана кирип, Түштүк Кыргызстандагы кыргыздардын тагдыры убактылуу ачык калтырылган.

Партиянын Жети-Суу обкому 1922-жылы 4-июнда Пишпек шаарында уюштуруу съездин чакырып, ага 425 делегат катышкан. Бирок съезд өз ишин баштай электе эле Түркстандын жана жети-суулук бийликтердин макулдугу, И. Сталиндин түздөн-түз көрсөтмөсү менен таркатылган. Мына ошентип Түркстан АССРинин курамында Тоолуу Кыргыз автономиялуу облусун түзүү иши толук аягына чыкпай калган [5].

Кыргыз элинин өз алдынча улуттук мамлекеттүүлүгүнүн кийинки чоң кадамы 1924-жылы жасалган. Анткени ошол жылы Орто Азия элдеринин арасында мамлекеттик-аймактык жиктешүү процесси ишке ашырылган. 1924-жылы 14-октябрда Советтердин Бүткүлсоюздук Борбордук аткаруу комитетинин II-сессиясында Түркстан АССРинин БАКнын республикалардын улуттук мамлекеттик бөлүштүрүү жөнүндө токтому бекитилип, Түркстан ССРи, Өзбек ССРинин курамында Тажик АССРи; Кара-Калпак автономия облусу Кыргыз (Казак) АССРинин курамында, ал эми РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз (Кыргыз) автономиялык облусу түзүлгөн. [1]. Мына ошентип,

кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүгү 1924-жылдын 14-октябрынан башталган. Бул кадам Борбордук Азия аймагындагы чоң саясий окуя болуп, ага бир нече шарттар түрткү болгон.

Биринчиден, революцияга чейин эле жарыя болгон ар бир улут өз тагдырын өзү чечүүгө жана өз улуттук мамлекетин түзүүгө укуктуу деген ураанды ишке ашыруу саясаты жүргөн.

Экинчиден, улуттук аймактык, мамлекеттик жиктелүүгө чейин аймактагы бир да республикада бир улут үстөмдүк кылган эмес. Маселен, Түркстан АССРинде өзбектер - 41,4%, казактар - 18,8%, кыргыздар - 10,8%, тажиктер - 7,7% жана түркмөндөр - 4,7% түзгөн. Бул шарттар да улуттук аймактык, мамлекеттик жиктешүүгө түрткү болгон.

Үчүнчүдөн, бир да элдин, улуттун административдик-аймактык чеги алар турган аймактар менен дал келген эмес. Маселен, өзбектер, тажиктер, түкмөндөр Түркстан АССРинде, Бухара жана Хорезм Элдик Советтик Республикасында жашашкан.

Төртүнчүдөн, мурдагы төрт облустун аймагында жашап, кыргыз автономиялуу облусуна бириккен калктын саны, 1924-ж. статистикалык маалыматтар боюнча, 828300 адамды түзүп, алардын 63,5% кыргыздар, 15,4% өзбектер, 16,8% орустар, 4,3% башка улуттардын өкүлдөрү болгон [7].

Мына ушундай жагдайда ар бир улут ар түрдүү облусттардын курамында болуу менен, улуттардын өз алдынча биригүүгө, бирдиктүү аймакта жашоого мүмкүнчүлүк түзүлгөн эмес. Себеби ал кездеги саясат мындай көрүнүшкө жол берген эмес.

Бешинчиден, улуттардын саясий, социалдык-экономикалык жана маданий жактан артта калуусун жоюу менен мамлекеттерге бөлүнүү аркылуу бардык тиешелүү шарттарды түзүп, алардын өсүп-өнүгүүсүнө өбөлгө түзүү болгон. Ошентип, 1924-жылы Орто Азия элдеринин өз тагдырын өзү чечүү укугу кандайдыр бир деңгээлде чечилген.

Кара-Кыргыз автономиялуу облусту түзүлгөндөн кийин Кыргызстанда партиялык жана советтик бийлик органдары уюштурулуп, 1924-жылы 18-октябрда Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун 13 адамдан турган Убактылуу партиялык бюросу түзүлгөн. РКП(б) Кыргыз обкомунун партиялык бюросунун 1-секретарлыгына (биринчи катчысы) болуп Михаил Каменский, 2-секретары болуп Жусуп Абдрахманов дайындалган. Ал эми мүчөлөрү: И. Айдарбеков, И. Арабаев, Д. Бабаханов, М. Ботбаев ж. б. болушкан. Ал эми 1924-жылы 21-октябрында болсо Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун Революциялык комитети түзүлүп, анын төрагасы болуп Иманалы Айдарбеков бекиген [8].

Кара Кыргыз Автономиялуу облусуна мурдагы Түркстан АССРинин Жети-Суу облусунун Каракол, Нарын, Бишкек уезддери дээрлик бүт бойдон, Ош уезди, Анжиян уездинин 10 болуштугу, Наманган уездинен 10 болуштук, Фергана облусунун Кокон уездинен 2 болуштук, Сыр-Дарыя облусунун Олуя-Ата уездинен (Талас аймагы) 14 болуштук кирген. Ошондой эле автономиялуу облустун аймагы болжол менен 200 миң чарчы километрге жетип, областта 6 шаар, 321 айыл-кыштак жана 5 хутор болуп, облустун алгачкы чек арасын тактоо жана картасын түзүү жөнүндө атайын чечим кабыл алган. Мындан сырткары, революциялык комитеттин негизги милдеттери бул автономиялык облустун аймагында мамлекеттик башкаруу ишин жүзөгө ашыруу, мамлекеттик апаратты түзүү, советтердин курултайын даярдоо жана чакыруу болгон.

1924-жылы 13-декабрда революциялык комитеттин Президиуму автономиялык областтын аймагын төрт: Жалал-Абад (курамында 19 болуштук), Каракол-Нарын (курамында 16 болуштук), Пишпек (курамында 26 болуштук) жана Ош округуна (курамында 20 болуштук) кайрадан бөлүү жөнүндө чечим кабыл алынган [8]. Бул бөлүштүрүү РСФСР ББАКынын Президиуму тарабынан 1925-жылы 6-июнунда

биротоло бекиген.

Ревкомдун алдындагы дагы бир маселе автономиялык облустун административдик борборун тандоо болгон. Кыргызстанда ошол кезде облустук администрациялык мекемелерди жайгаштыра турган шаар жок болгондуктан, облустун Ревкому алгачкы айларда убактылуу Ташкент шаарында болуп, автономиялык облустун башкаруу ишинде бир топ кыйынчылыктарды жаратып келген. Бул маселени чечүүдө Ревком Кара-Кыргыз автономиялык областынын административдик борборун тандоодо бир нече шаарларга көңүл бурган. Мисалы, Ж. Абдрахманов Кыргызстандын административдик борбору катары Анжиян шаарын сунуштаган. Бирок Москвадан келген комиссия шаардын тегерегиндеги айыл жерлеринде кыргыздар жашагандыгына карабастан, шаардын өзүндө кыргыздар жокко эсе деген шылтоо менен, бул маселе кыргыздардын пайдасына чечилген эмес. Ал эми Кыргызстандын аймагында болсо, мындай статуска ээ болуучу шаар катары эң алгач Жалал-Абад шаары тандалган. Себеби республиканын аймагында ошол мезгилде темир жол түйүнү келген жалгыз шаар Жалал-Абад болуп, ал кездеги темир жол түйүнүнүн стратегиялык байланышы көп маселени чечүүгө ыңгайлуу деп эсептелген. Бирок комиссия Жалал-Абад шаарынан областтын борбордук администрациялык органдарын жайгаштыруу үчүн бир да имарат тапкан эмес. Ал эми имаратты курууга каражат жетишсиз болгон. Мына ошентип, автономиялык областтын 1925-ж. март айында өткөн курултайынын документтеринде Пишпек шаары «убактылуу административдик борбор» статусун алган. Кийинчерээк бул маселе унутулган да, эч ким тарабынан көтөрүлбөй калган. Пишпек шаары республиканын саясий-административдик, экономикалык жана маданий борборуна айланган.

1925-жылы 15-январда облустук ревкомдун кеңешмесинде Кара-Кыргыз автономиялуу облустунун түзүлгөндүгү жөнүндө Декларация кабыл алынып, Кыргызстандын мамлекеттүүлүгү салтанаттуу жарыяланган. Декларация жарыяланган 16-январь майрам күнү катары белгиленген. Мына ушундан кийин мамлекеттик аппаратты түзүү үчүн шайлоолорду, Советтердин уюштуруу съездин өткөрүү жана социалдык экономикалык маселелерди чечиш керек болгон. Жергиликтүү Советтерге шайлоолор болгондон кийин, жалпы Кыргызстандын биринчи Учредителдик курултайы чакырылган. Бул курултай 1925-жылдын 27-мартында ачылып, 30-мартка чейин иштеген [10]. Кыргыз мамлекеттүүлүгү ККАОнун өткөн съездинде мыйзамдуу түрдө бекемделген. Съездге 135 делегат катышып, анын ичине Кыргызстанда жашаган кыргыз, орус, өзбек, украин, дунган жана башка улуттардын өкүлдөрү кирген.

Уюштуруу курултайында делегаттардын көпчүлүк бөлүгү кыргыздар болгондуктан, кыргыз улуттук мамлекетин түзүүгө анча деле кызыкдар болушкан эмес. Аталган маселе жана курултайдын жүрүшүндөгү күрөштөр, талаш-тартыштар эки топтун ортосундагы кызуу талкуулар менен коштолгон. Ушундай кырдаалда Кыргыз облустук аткаруу комитетинин төрагалыгына мурдагы батрак, кийин жумушчу болуп иштеген, совет бийлиги үчүн активдүү күрөшкөн Абдыкадыр Орозбеков дайындалып, эртеси 31-мартта облустук аткаруу комитетинин Президиуму шайланып, төрагасы – А. Орозбеков, орун басарлары – М. Янгулатов жана И. Тойчинов, мүчөлөрү - К. Артыкбаев, И. Кизин, С. Малышев, Ж. Садаев, Р. Кудайкулов ж. б. болгон [11].

Кара-Кыргыз автономиялуу облустунун уюштуруу съездине катышкан делегаттар союздук өкмөткө Кара-Кыргыз Автономиялуу облустун Кыргыз автономиялуу облусту деп кайра атоо сунушу менен кайрылган. Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин **1925-ж. 25-майындагы** чечими менен облуст Кыргыз автономиялуу облусту болуп аталган [12].

Ушул эле уюштуруу съездинде делегаттар автономиялуу облусту Кыргыз

автономиялуу республикасына айландыруу өтүнүчү менен да кайрылышкан. Кыргыз автономиялык облустунун аткаруу комитетинин Президиумунун төрагасы А. Орозбеков БАКнин Президиумуна 1925-ж. 6-декабрда атайын кайрылуу жасаган. Анда Кыргыз АОну Кыргыз АССРи деп кайра түзүү өтүнүчү менен кайрылган. Бир аз убакыттан кийин **1926-ж. 1-февралында** БАК Президиумунун чечими менен «Кыргыз автономиялуу облустунун алкагында РСФСР курамында Кыргыз АССРин түзүү жөнүндө» чечим чыккан [12].

Мына ошентип, Кыргызстан РСФСРдин курамында өзүнүн мамлекеттүүлүгүнүн **жаңы этабын баштаган.** Бул окуя Кыргыз АССРинин 1927-ж. 7-12 мартта өткөн Биринчи Курултайында мыйзамдаштырылып, курултай «Кыргыз АССРи жөнүндөгү Декларацияны» жарыялаган [12]. Декларацияда кыргыз элинин өз тагдырын өзү чечүү укугу аныкталып, Кыргызстанда жашаган элдердин өз ара ынтымакташтыгынын негизги принциптери жарыяланган. Декларацияда Кыргызстандын өкмөтүнүн айыл чарбасын, өнөр жайын, калктын саясий жана маданий деңгээлин көтөрүшү боюнча бир катар маанилүү маселелер каралган.

Советтердин биринчи курултайы республиканын түштүгүндө жер-суу реформасын жүргүзүүнү бийлик органдарынын кезектеги милдети деп жарыялаган. Ошондой эле жалпыга бирдей окуу милдетин киргизип, араб алфавитинен латынчага өтүү жөнүндө маанилүү чечим кабыл алышкан. Курултайда Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитети шайланып, ал жогорку мыйзам чыгаруучу орган деп эсептелген.

1927-ж. 12-мартында Кыргыз АССРинин БАКтын Президиумуна 17 адам шайланып, Президиумдун төрагалыгына А. Орозбеков шайланган. Сессияда Кыргызстандын өкмөтү – Эл Комиссарлар Совети түзүлүп, Жусуп Абдрахманов анын төрагасы болуп дайындалган. Эл Комиссарлар Советине жер, финансы, эл агартуу, эмгек, жумушчу-дыйкан инспекциясы боюнча комиссарлар кирген [14].

1929-ж. 30-апрелинде Кыргыз АССРинин Кеңештеринин II курултайында биринчи Конституциянын расмий түрдө кабыл алынышын республиканын тарыхындагы ири саясий окуя катары бааласа болот [15]. Мында Кыргызстандын абалы, көп кырдуу экономикасы, негизги бийлик бутактары, чек арасы, жогорку жана жергиликтүү бийликтердин абалдары жана укуктары такталган.

30-жылдардагы дагы бир чоң тарыхый окуя катары Кыргыз АССРинин Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлүшүн атаса болот. 1936-жылы 5-декабрында СССР Советтеринин VIII өзгөчө съездинде өлкөнүн экинчи Конституциясы кабыл алынган. Ушул күндөн тартып Кыргыз АССРи Кыргыз ССРине айланып, СССРдин курамына тең укуктуу союздук республика катары кирген. Бул окуя кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн тарыхындагы чоң жетишкендик болгон.

Жыйынтыктап айтканда, 1920-1930-жж. кыргыз эли өз мамлекеттүүлүгүнө жетишип, республиканын өнүгүүсү бир катар ири ийгиликтер менен коштолуп, мунун баары кыргыз элинин көрүнүктүү атуулдарынын талыкпас эмгектеринин натыйжасында ишке ашкандыгы тарых булактарында маалым.

**Адабияттар:**

1. Декреты Советской власти [Текст]. – М., 1957. - С.39-41
2. Ошол эле эмгекте. С.113-115.
3. Джунушалиева, Г. Эволюция Кыргызской государственности в советский период (20-80-е годы XX века) [Текст] / Г. Джунушалиева. - Бишкек, 2006. - 46-б.
4. История Советской Конституции: Сб. Документов. 1917-1957 [Текст]. - М., 1957. - С. 238.
5. Курманов, З. К. Политическая борьба в Кыргызстане 20- годы [Текст] /

З. К. Курманов. - Бишкек, 1997. -12-б.
6. КРнын БМА. Ф.20.Оп.1. Иш кагаз. - 22-23- бб.
7. Курманов, З. Абдыкерим Сыдыков. Личность и история [Текст] / З. Курманов, Э. Садыков. - Бишкек, 2002. - 85-б.
8. КР БМА, ср. 21, оп. 2, д. 6. - 2-3бб.
9. КПСС и Советское правительство о советском Киргизстане [Текст]. - Фрунзе, 1974. - 28-30-бб.
10. Деятельность Революционного комитета Киргизской автономной области [Текст]. - Фрунзе, 1983. - 20-б.
11. Осмонов, Ө. Ж. Кыргызстан тарыхы. Маалыматнаама [Текст] / Ө. Ж. Осмонов. - Бишкек, 2003. - 123-б.
12. Осмонов, Ө. Ж. Кыргызстан тарыхы (эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) [Текст] / Ө. Ж. Осмонов, А. А. Асанканов. - Бишкек, 2001. - 303-б.
13. Образование Киргизской Автономной ССР: материалы и документы [Текст]. - Фрунзе, 1927. - 263-б.
14. Резолюция и постановления съездов советов Киргизии (1925-1937гг.) [Текст]. - Фрунзе, 1973. - 11-б.
15. Чотонов, У. История Кыргызстана [Текст] / У. Чотонов, Досбол Нур уулу. - Бишкек, 2009. - 165-б.
16. Каниметов, А. К. Совет доорунда Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы [Текст] / А. К. Каниметов // Материалы научно-практической конференции «История государства в архивных документах». - Бишкек, 2004.
17. Каниметов, А. К. Эгемендик жылдарындагы улут аралык мамилелер [Текст] / А. К. Каниметов // Известия вузов. -2014. - №4.
18. Каниметов, А. К. Ысык-Көл – Ала-Тоо бермети [Текст] / А. К. Каниметов. - Бишкек, 2019. – 1-262-бб.
19. Каниметов, А. К. Иссык-Куль – жемчужина Ала-Тоо [Текст] / А. К. Каниметов. - Каракол, 2019. -С. 1-118
20. Каниметов, А. К. Кыргыз мамлекетинин пайдубалын түптөгөн инсан [Текст] / А. К. Каниметов // Вестник Иссык-Кульского университета. - 2021.